**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭСЕПТӨӨ ПАЛАТАСЫ**

**СЧЕТНАЯ ПАЛАТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

22-августу 2024 **ж.г. N** 06-1/560 **г. Бишкек ш.**

**2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын коррупцияга каршы иш-чаралар планын (2025-2027-жылдар орто мөөнөттүү мезгилге I этап үчүн) бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы ПЖ №137 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасындагы коррупцияга каршы мамлекеттик стратегиясын ишке ашыруу максатында, буйрук кылам:

1. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасында коррупцияга каршы иш-чаралардын тиркелген планы (2025-2027-жылдар орто мөөнөттүү мезгилге I этап үчүн) бекитилсин (мындан ары - План).

2. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудиторлору, аппараттын жетекчиси, аппараттын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилери, басма сөз катчысы жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилери:

-белгиленген мөөнөттө Планды милдеттүү түрдө аткаруу боюнча чараларды көрүшсүн;

-квартал сайын, отчеттук мезгилден кийинки айдын 3-числосуна чейин, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын ички коопсуздук боюнча секторуна Пландын аткарылышы жөнүндө маалымат беришсин.

3. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын ички коопсуздук боюнча сектору квартал сайын, отчеттук мезгилден кийинки айдын 7-числосуна чейин, Пландын аткарылышы жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасынын кароосуна киргизсин.

4. Иш кагаздарын жүргүзүү жана уюштурууну камсыздоо боюнча бөлүмү ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудиторлоруна, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилерине жеткирсин.

5. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аппаратынын жетекчисине жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Ш. Акматов**

| Кыргыз Республикасынын<br>Эсептөө палатасы | | Счетная палата Кыргызской<br>Республики |
|---|---|---|

**Ички коопсуздук боюнча сектор**

**КЫЗМАТТЫК КАТ №**

| | |
|---|---|
| *Кимге:* | Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасы А.Ш.Акматовго |
| *Темасы:* | Кыргыз Республикасында 2025-2030-жылдарга коррупцияга каршы күрөшүүнүн мамлекеттик стратегиясы жөнүндө |
| *Датасы:* | 2024-жылдын 19-августу |

**Урматтуу Алмазбек Шаршембиевич,**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы №137 "2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө" Жарлыгынын негизинде Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2025-2030-жылдарга коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча иш-чаралар планы иштелип чыккандыгын билдирем.

Тиркеме: Иш-чаралар планы – 5 баракта.

Ички коопсуздук боюнча
сектордун башчысы — Н.Ч. Байботоев

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын
төрагасынын
2024-жылдын 22 - августу № 06-1/560 буйругу менен бекитилген

**2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча стратегияны ишке ашыруу иш-чаралар планы (2025-2027-жылдар орто мөөнөттүү мезгилге I этап үчүн)**

| № | Милдеттер | Чаралар/иш-аракеттер | Ишке ашыруу мөөнөтү | Жооптуу аткаруучу | Күтүлгөн жыйынтыктар/индикаторлор | Каржылоо |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | **2** | **3** | **4** | **5** | **6** | **7** |
| **1. Эсептөөө палатасында коррупцияга жана башка укук бузууларга каршы күрөшүү боюнча иш-чаралар тутумун жакшыртуу** | | | | | | |
| 1 | Тышкы мамлекеттик аудит чөйрөсүндө коррупциялык тобокелдиктерди башкаруу | 1.1. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын ишинде коррупциялык тобокелдиктерге баа берүүнүн жана башкаруунун ички системасын өркүндөтүү | Туруктуу негизде | Аппарат жетекчиси, Жумушчу топ | Тышкы мамлекеттик аудит чөйрөсүндө коррупциялык тобокелдиктерди баалоо жана башкаруу жөнүндө жобо бекитилди | Каржылоону талап кылбайт |
| | | 1.2. Коррупцияны алдын алуу боюнча чараларды жайылтуу, коррупцияга каршы чаралардын ишке ашырылышына алгачкы мониторингди жүргүзүү, ошондой эле алдын алуу чараларын методологиялык жана консультациялык жактан коштоо боюнча чараларды жайылтуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу | 2025-2027 жылдар | Аппарат жетекчиси, КРЭПтин коррупцияны алдын алуу боюнча комиссиясы | Коррупцияны алдын алуу боюнча чараларды жайылтуу боюнча сунуштар иштелип чыкты, коррупцияга каршы чаралардын ишке ашырылышына алгачкы мониторинг жүргүзүлдү | Каржылоону талап кылбайт |
| 2 | Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын ишин баалоону жакшыртуу аркылуу коррупцияны алдын алуу | Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын ишин баалоо тутумун жакшыртуу | 2025-2027 жылдар (I-этабы) | Аппарат жетекчиси, АРББ | Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын ишин баалоо тутуму бекитилген | Каржылоону талап кылбайт |
| 3 | КРЭПтин ишине функционалдык талдоо жүргүзүү | 3.1 КРЭПтин ишин функционалдык талдоо боюнча Жумушчу тобун түзүү | Туруктуу негизде | Функционалдык талдоо жүргүзүү боюнча жумушчу тобу | 1. КРЭПтин түзүмдүк, аймактык бөлүмдөрүнүн жана алардын кызматкерлеринин функцияларын жана | Бюджеттик каражаттардын /донорлордун |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 3.2 КРЭПтин аймактык бөлүмдөрүнүн, түзүмдүк бөлүмдөрүнүн функцияларын жана ыйгарым укуктарын, ошондой эле аларды автоматташтыруу боюнча сунуштарын иштеп чыгуу менен алардын кызматкерлеринин функцияларын жана ыйгарым укуктарын конкреттештирүү | | | ыйгарым укуктарын конкреттештирүү боюнча сунуштар менен, жүргүзүлгөн функционалдык талдоо жөнүндө отчет даярдалды.<br>2. Функцияларды оптималдоо жана конкреттештирүү боюнча КРЭПтин Аппаратынын, түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөрүнүн жоболоруна толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү.<br>3. КРЭПтин иш процессин жөнгө салуучу, ошондой эле КРЭПтин колдонуудагы ченемдик документтерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча КРЭПтин кабыл алынган ченемдик документтеринин тизмеси | эсебинен |
| **2. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын ченемдик документтерин жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын инвентаризациялоо** | | | | | | |
| 4 | Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын ченемдик документтерин инвентаризациялоо | Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын ченемдик документтерин инвентаризациялоону жүргүзүү | Туруктуу негизде | 2-башкармалык, 1-башкармалык, КРЭПтин аймактык бөлүмдөрү, түзүмдүк бөлүмдөрү | КРЭПтин ченемдик документтерине толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү, анын ичинен күчүн жоготкондугу боюнча ченемдик документтер кабыл алынган | Бюджеттик каражаттардын /донорлордун эсебинен |
| 5 | КРЭПтин ишин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларындагы карама-каршылыктарды, так эместиктерди жана боштуктарды аныктоо | КРЭПтин ишин жөнгө салуучу, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына инвентаризация жүргүзүү | Туруктуу негизде | 2-башкармалык, 1-башкармалык, түзүмдүк бөлүмдөрү, КРЭПтин аймактык бөлүмдөрү | Иштелип чыккан жана карама-каршылыктарды, так эместиктерди жана боштуктарды четтетүү боюнча ЧУА долбоорлору ченем жаратуучу органдардын кароосуна киргизилген | Бюджеттик каражаттардын /донорлордун эсебинен |
| 6 | Кызматтык пайдалануу үчүн документтерди инвентаризациялоо | Кызматтык пайдалануу үчүн документтерди инвентаризациялоо | Туруктуу негизде | Аппарат жетекчиси, Атайын эксперттик комиссия | Инвентаризация жүргүзүлгөн жана сунуштар киргизилген | Каржылоону талап кылбайт |
| **3. Кадрдык камсыздоо, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын иши менен байланышкан тыюу салуулар, чектөөлөр жана уруксат берүүлөр тутумун жакшыртуу** | | | | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 7 | Кызыкчылыктардын кагылышууларынын пайда болуу жагдайларынын мүмкүнчүлүктөрүн жоюу | 7.1. "Кызыкчылыктардын кагылышуулары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын натыйжалуу ишке ашыруу | Туруктуу негизде | Ыйгарым укуктарынын чегинде бардык кызматкерлер, Этика боюнча комиссия | Кызыкчылыктардын кагылышуусу жагдайларын пайда кылууга өбөлгө болгон шарттар жана себептер жоюлду. Практикада "Кызыкчылыктардын кагылышуулары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы ийгиликтүү колдонулууда | Каржылоону талап кылбайт |
| | | 7.2. Аныкталган жана жөнгө салынган кызыкчылыктардын кагылышууларынын статистикасын жүргүзүү | Туруктуу негизде | Этика боюнча комиссия, Тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөр | Статистиканын болушу | Каржылоону талап кылбайт |
| 8 | Аудит субъекттеринде КРЭПтин кызматкерлери тарабынан эмгек тартибинин сакталышын контролдоону камсыздоо | Аудит субъекттеринде КРЭПтин кызматкерлери тарабынан эмгек тартибинин сакталышына карата күтүлбөгөн текшерүүлөрдү жүргүзүү | Туруктуу негизде | Аппарат жетекчиси, Аудиторлор, АРББ, Ички коопсуздук боюнча сектору, жана КРЭПтин аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилери | Күтүлбөгөн текшерүүлөр жүргүзүлөт | Каржылоону талап кылбайт |
| 9 | КРЭПтин бош мамлекеттик кызмат орундарына конкурстук тандоо системасын жана практикасын жакшыртуу | Бош мамлекеттик кызмат орундарына тандоону жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылардын натыйжалуулугуна мезгилдүү негизде талдоо жүргүзүү | 2025-2027 жылдар (жыл сайын) | Аппарат жетекчиси, АРББ | Ченемдик укуктук актыларга түзөтүүлөрдү киргизүү зарылчылыгы жөнүндө корутундуну даярдоо менен ченемдик укуктук актылардын натыйжалуулугуна талдоо жүргүзүлөт | Каржылоону талап кылбайт |
| 10 | Мамлекеттик кызматкерлерди "Коррупцияга каршы күрөшүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен тааныштыруу | Коррупцияга каршы мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар менен таанышуу боюнча иштерди жүргүзүү | Конкурстарды өткөрүүдө/ дайындоо жөнүндө буйрук менен таныштыруу | АРББ, Ички коопсуздук боюнча сектор | Мамлекеттик кызматкерлерди "Коррупцияга каршы күрөшүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жана башка ченемдик укуктук актылары менен тааныштыруу боюнча иштер жүргүзүлдү | Каржылоону талап кылбайт |
| 11 | Калкка кызмат кылуу идеясына жана коррупцияга жол бербөөгө багытталган КРЭПтин корпоративдүү маданиятын түзүү | КРЭПтин кызматкерлерин коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча окутуу жана түшүндүрүүлөрдү жүргүзүү | Туруктуу негизде | АРББ, Ички коопсуздук боюнча сектор | КРЭПтин кызматкерлери менен окутуулар өткөрүлөт | Бюджеттик каражаттардын /донорлордун эсебинен |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **4. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын ачык-айкындуулугун жогорулатуу жана ишинин маалыматтык ачыктыгын камсыздоо, жарандык коом, аудит субъекттери менен өз ара аракеттенишүү** | | | | | | |
| 12 | КРЭПтин ишинин маалыматтык ачыктыгын камсыздоо | 12.1. КРЭПтин ишин, анын ичинен мамлекеттик аудиттин ролун ЖМКда, КРЭПтин вебсайтында жана интернет булактарында чагылдыруу | Туруктуу негизде | Пресс-катчы (жыйынтык), аудиторлор, аппарат жетекчиси, КРЭПтин түзүмдүк бөлүмдөрү, аймактык бөлүмдөр | КРЭПтин ишинин маалыматтарын ЖМКга, КРЭПтин веб-сайтына жана интернет булактарына жарыялоо | Бюджеттик каражаттардын /донорлордун эсебинен |
| | | 12.2. Кыргыз Республикасынын социалдык тармактарында КРЭПтин аккаунттарынын максаттуу аудиториясын көбөйтүү | 2025-2027 жылдар | Пресс-катчы (жыйынтык), аудиторлор, аппарат жетекчиси, КРЭПтин түзүмдүк бөлүмдөрү | КР социалдык тармактарында КР Эсептөө палатасынын расмий аккаунттарынын болушу | Каржылоону талап кылбайт |
| 13 | КРЭПтин "Ишеним телефонунун" иштешин камсыз кылуу | КРЭПтин "Ишеним телефонуна" билдирүүлөрдү кабыл алуу жана аларга талдоо жүргүзүү | Туруктуу негизде | Ички коопсуздук боюнча сектор | Келип түшкөн билдирүүлөргө талдоо жүргүзүлдү | Каржылоону талап кылбайт |
| 14 | КРЭПтин коомдук кабылдамасынын ишин камсыз кылуу | Жарандарды кабыл алуу графигине ылайык КРЭПтин коомдук кабылдамасы аркылуу жарандарды кабыл алуу | Туруктуу негизде | Иш кагаздарын жүргүзүү жана уюштурууну камсыздоо боюнча бөлүм | Жарандарды кабыл алуу коомдук кабылдама аркылуу жүргүзүлөт | Каржылоону талап кылбайт |
| **5. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын ишине маалыматтык технологияларды киргизүү менен тышкы мамлекеттик аудит системасын өркүндөтүү** | | | | | | |
| 15 | Маалыматтык технологияларды колдонуу аркылуу электрондук аудитти киргизүү | 15.1. Электрондук аудит жүргүзүүнүн эрежелерин иштеп чыгуу, "Электрондук ауди" программалык камсыздоосун киргизүү | 2025-2027 жылдар | 1-башкармалык, 3-башкармалык, КРЭПтин аймактык бөлүмдөрү, Санариптик өнүктүрүү боюнча бөлүм, түзүмдүк бөлүмдөр | Электрондук аудит жүргүзүү эрежелери бекитилди. "Электрондук аудит" автоматташтырылган системасы иштеп жатат | Бюджеттик каражаттардын /донорлордун эсебинен |
| | | 15.2. Мамлекеттик сатып алуулар системасын өркүндөтүү | Туруктуу негизде | Аппарат жетекчиси, 3-башкармалык | Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштар иштелип чыкты, жана ченем чыгаруучу органдарга жөнөтүлдү | Каржылоону талап кылбайт |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 15.3. КРЭПтин аймактык бөлүмдөрүнүн иш процесстерин максималдуу автоматташтыруу, анын ичинде аудит учурунда | 2025-2027 жылдар | 1-башкармалык, 3-башкармалык, КРЭПтин аймактык бөлүмдөрү, Санариптик өнүктүрүү боюнча бөлүм | КРЭПтин иш процесстерин автоматташтыруу, анын ичинде аудит учурунда ишке ашырылган | Бюджеттик каражаттардын /донорлордун эсебинен |
| 16 | Эл аралык стандарттарга ылайык аудитти методикалык камсыздоо | Эл аралык стандарттарга ылайык аудитти методикалык жактан камсыз кылуу | Туруктуу негизде | Аудиттин бөлүмдөрү, 1-башкармалык | Аудиттерди методикалык жактан камсыз кылуу каралган | Каржылоону талап кылбайт |
| 17 | КРЭПтин аудиттерине тобокелге негизделген мамилени камсыздоо | Тобокелге негизделген аудит ыкмасын оптималдаштыруу боюнча ишти улантуу | Туруктуу негизде | 1-башкармалык, КРЭПтин түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөрү | Аудит процесстеринин жогорку натыйжалуулугун жана кайталанган бузууларды четтетүү (жок кылуу) үчүн, аудиттин тобокелге негизделген мамилесин оптималдаштыруу боюнча иштер жүргүзүлүүдө | Каржылоону талап кылбайт |
| 18 | Тышкы адистер институтуна талдоо жүргүзүү | Тышкы адистердин ишине талдоо жүргүзүү | Туруктуу негизде | 3-башкармалык, АРББ, Ички коопсуздук боюнча сектор | Тышкы адистерди тартуу боюнча жүргүзүлгөн талдоонун негизинде тиешелүү сунуштар берилди | Каржылоону талап кылбайт |